КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVIII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 5-октябры №245 Кара-Коо айылы

Ак-Терек айыл аймагында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 "Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» жарлыгына ылайык жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 "Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгынын негизинде «Элдик Курултай жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына, Элдик Курултайдын регламентине жана Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө ЖОБОго ылайык маселени карап, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын уюштуруу жана өткөрүү негизги иш чаралардын календардык планына ылайык Кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктун жыйыны 2026-жылдын 24-октябрында (ишемби) саат 10:00до Кара-Коо айылында, К.Исаков атындагы маданият үйүнүн чоң залында өткөрүлсүн.
2. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынынын өкүлдөрүнүн саны калктын санына ылайык 80 делагаттан тураары белгиленсин.
3. Ак-Терек айыл аймагынын Кезектеги V Элдик Курултайын уюштуруу жана коомдоштуктун жыйынын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркеме ылайык бекитилсин.
4. Коомдоштуктун жыйынына катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнүшү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Ак-Терек айыл өкмөтү Кезектеги V Элдик Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner